**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

жаран Таалайбек Джапарович Саатовдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 308-1–беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

**Ч Е Ч И М И**

2014-жылынын 25-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья М.Ш. Касымалиевдин, судьялар – Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Ж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулованын курамында,

сот жыйналышынын катчысы М.Э. Толобалдиевдин катчылыгы менен;

кайрылуучу тарап – жаран Т.Ж. Саатовдун;

жоопкер-тарап: ишеним каттын негизиндеги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү Т.Ы. Ырысбековдун;

башка жак - ишеним каттын негизиндеги Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү А.Ш. Шукурбековдун, ишеним каттын негизиндеги Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин өкүлү М.Т. Токтосуновдун жана жаран А.М. Шаршенбаевдин катышуулары менен

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (мындан ары – Конституция) 97-беренесинин 1, 6-бөлүктөрүн «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 1, 4, 18, 19, 24, 37 жана 42-беренелерин жетекчиликке алып, ачык сот жыйналышында Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карады.

Ишти кароого жаран Таалайбек Жапарович Саатовдун өтүнүчү себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин Конституцияга ылайык келүү маселесинде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелди.

Сот жыйналышына ишти даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, берилген материалдарды изилдеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) 2014-жылдын 21-январында жаран Т.Ж. Саатовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - Кылмыш-жаза кодекси) 308-1-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнүн диспозицияларын Конституциянын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 26-беренесинин 2 жана 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуучу субъекттин пикири боюнча, Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн диспозициялары Конституциянын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына карабай, кызмат адамдарына өз күнөөсүздүгүн далилдөө түйшүгүн жүктөйт, анда эч ким өз күнөөсүздүгүн далилдебеши керек экендиги түз көргөзүлгөн, жана Конституциянын 26-беренесинин 4-бөлүгүндө ага жүктөлгөн жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө боюнча түз милдеттерин аткаруудан айыптоочуну бошотот. Арыз берүүчү, мыйзам чыгаруучу талашка түшкөн ченемдерде «негиздөө» деген сөздү төмөнкү

сүйлөмдө - «ал жүйөөлүү негиздеп бере албайт» деп туура эмес колдонгон деп эсептейт.

Ж.Т. Саатовдун пикири боюнча, талашка түшкөн ченемдердин талаптары кызмат адамдарын жазык-жазалоочу иш аракеттерди жасаган Кыргыз Республикасынынын башка жарандары менен тең эмес абалга коет, алардын күнөөсүн мамлекеттик айыптоочу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин ченемдерине ылайык далилдөөгө милдеттүү жана соттук териштирүүнүн негизин түзгөн, бардыгынын мыйзам жана сот алдында тең укуктуулугу принцибин бузуп жатат. Мыйзам чыгаруучу, Кылмыш-жаза кодексине толуктоо киргизип жатып (308-1-берене), Конституциянын 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузган, анткени кызмат адамдары категориясына кирген Кыргыз Республикасынын жаранынын укугун кемсинткен мыйзам кабыл алган.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 12-июнундагы аныктамасы менен арыз берүүчүнүн өтүнүчү кабыл алынган.

Жоопкер-тараптын өкүлү кайрылуучу тараптын далилдери менен макул болбой, өтүнүчтү канааттандыруусуз калтырууну суранды.

Конституциялык палата, иштин материалдарын изилдеп чыгып, тараптардын далилдерин жана жыйналышка катышкан башка жактардын пикирлерин угуп, төмөнкүдөй тыянактарга келди:

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палата кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Демек, бул иш боюнча Конституциялык палатанын кароосунун предмети болуп, төмөнкүдөй мазмундагы Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнүн диспозициялары саналат:

«308-1-статья. Мыйзамсыз баюу

(1) Ал жүйөөлүү негиздеп бере албаган кызмат адамынын активдеринин анын мыйзамдуу кирешелеринен олуттуу көбөйүшү, -

үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Ошол эле жосундар:

1) ири өлчөмдө;

2) жооптуу абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан жасалса, -

мүлкүн конфискациялоо менен алты жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси Мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык, 1997-жылдын 1-октябрында №68 санында кабыл алынган, 1998-жылдын №7 санында «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысында» жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы кодекс болуп саналат.

2. Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей (16-берененин 3-бөлүгү); ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт; эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес; жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт (26-берененин 1, 2 жана 4-бөлүктөрү); Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек (20-берененин 1-бөлүгү).

Конституциянын 26-беренесинде бекитилген күнөөсүздүк жоромолу сот адилеттигинин негизги принциптеринин бири болуп саналат. Анын укуктук маңызы, айыпталуучу, эгер анын күнөөсү мыйзамда каралган тартипте далилденген шартта гана күнөөлүү деп табылаарында жатат. Мыйзамдуу тартип, тиешелүү субъекттер тарабынан айыпталуучунун күнөөсүн уруксат берилген далилдердин жардамы менен жана мыйзам тарабынан бекитилген мөөнөттөрдү

жана башка шарттарды кармоо учурунда далилдөөнү билдирет. Андан сырткары, айыпталуучунун (соттолуучунун) күнөөсү мыйзамдуу күчүнө кирген соттун айыптоочу өкүмүндө орнотулушу керек.

Ушул принцип Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдерде - Адам укуктарынын жалпы декларациясында (11-берене), Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыда (14-беренесинин 2-бөлүгү) көрсөтүлгөн, алар болсо Конституциянын 6-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Айыпталуучунун күнөөсүн далилдөө түйшүгү же милдети иликтөө органдарына жүктөлөт, алар айыпталуучуга далилдөө милдетин салууга укуксуз жана айыпталуучунун жактоочусунун бардык далилдерин объективдүү текшериши керек. Айыпталуучу өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө укуктуу, бирок, бул өзү колдоно ала турган анын гана укугу.

Айыпталуучуну өз күнөөсүздүгүн далилдөө милдетинен куткаруу аны жазык иши боюнча далилдөөгө катышуу укугунан ажыратпайт. Каалаган учурда айыпталуучу көрсөтмө бере алат, далилдерди сунуштай алат (документтер, буюм далилдери), кошумча далилдерди алууга жана орнотууга чара көрүү жөнүндө өтүнүч бере алат. Бул учурда, мыйзам далилдерди берүүдө катышып жаткан айыпталуучуга карата билип туруп жалган көрсөтмө бергени үчүн жоопкерчилик караган эмес, эгерде мындай көрсөтмө күнөөсүз адамды кылмыш жасады деп айыптап жатпаса. Айыпталуучу өз өтүнүчтөрү менен арыздарында чогултулган далилдерге баа берип, ошондой эле соттогу жарыш сөздөргө катыша алат. Айыпталуучуга, айыптоо тарабынан айтылган корутундуларды жокко чыгаруучу өз ойлорун далилдөө милдети жүктөлбөйт, алардын чындыгы соттук териштирүүнүн жүрүшүндө тастыкталат.

Мыйзамдын талаптарын милдеттүү түрдө аткаруу талабы сотко күнөөлүүнү жазалоодо же күнөөсүздү актоодо негизделген жана акыйкат чечимди кабыл алууга мүмкүндүк берет, күнөөсүздүк жоромолу мына ушуга кызмат кылат жана сот адилет соттук териштирүүнүн башкы кепилдиктеринин бири болуп кызмат кылат.

Күнөөсүздүк жоромолу тууралуу конституциялык мыйзам жоболору жазык жоопкерчилиги тармагында колдонулат. Жоопкерчиликтин башка түрлөрү үчүн мыйзам чыгаруучу, аныкталган бир мамилелерди укуктук жөнгө салуу процессинде, күнөөнү башка жол менен далилдөө түйшүгүн бөлүштүрүү тууралуу маселени чечүүгө укуктуу, анда бул мамилелердин жана алардын субъекттеринин өзгөчөлүгү; улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, ден соолукту жана калктын адеп-ахлагын коргоо кызыкчылыгы, башка адамдардын укугун жана эркиндигин коргоо (Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгү); ошондой эле жоопкерчиликтин болбой коюу талаптары эске алынат. Мындай чечимдерди кабыл алуу менен, мыйзам чыгаруучу киргизилип жаткан чектөөлөргө жараша жана мыйзам тарабынан каралган, укук бузуу субъектилери үчүн мамлекеттик бийлик органдары же башка элдик органдардын аракеттерине даттануу укугун тиешелүү түрдө камсыз кылуудан алышы керек.

3. Күнөөсүздүк жоромолу жазык сот өндүрүшүндө, алардын жынысынан, расасынан, тилинен, улутунан, майыптуулугунан, этноско таандыктыгынан, туткан дининен, курагынан, саясий же башка ынанымдарынан көз карандысыз түрдө кылмыштын бардык субъектилери үчүн колдонулат, бул мыйзам жана сот алдында бардыгы тең принцибин камсыз кылат.

Аны менен бирге, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана кодулоого тыюу салуу мамлекеттик кызматта иштеп жаткан адамдардын кесиптик ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салууга өзгөчө ыкманы жокко чыгарбайт. Мындай жыйынтык Конституциялык палатанын укуктук көз карашы менен макулдашылат, 2014-жылдын 30-апрелиндеги жаран Э.А. Асановдун кайрылуусунун негизинде «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 1-бөлүгүнүн «м» пунктун жана 8-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча чечиминде белгиленгендей мамлекеттик кызматчылардын кесиптик ишинин укуктук жөнгө салуу өзгөчөлүгүн орнотуу, анын жогорку деңгээлин, мамлекеттик кызматта милдеттерин аткарып жаткан жактардын кесиптик ишинин өзгөчөлүк мүнөзүн колдоо максатында, мамлекеттик кызматты уюштуруу жана ишке

милдеттендирүү принциптери, милдеттер менен шартталган деп айтылган.

Буга байланыштуу, мамлекеттик кызматчы мамлекеттик кызматка кирген учурда, кызмат адамынын өзү алып жаткан коомдук-укуктук статусуна байланыштуу чектөөлөрдү да кабыл аларын белгилей кетүү керек жана мыйзамда белгиленген тартипке ылайык тиешелүү талаптарды аткарат, бул - жарандын конституциялык укугун бузууга жана чектөөлөргө алып келбейт.

Жогоруда көрсөтүлгөн адамдардын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүгүнө жараша мамлекеттик кызматчы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте өзүнүн, ошондой эле күйөөсүнүн (аялынын) жана жашы жетпеген балдарынын кирешелери, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү экендиги мыйзамдарда каралган (Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренеси, Кыргыз Республикасынын «Саясий жана башка атайын мамлекеттик кызматтарды ээлеп турган адамдардын, ошондой эле алардын жакын тууганларынын кирешелери, милдеттенмелери менен мүлкү жөнүндө маалыматтарды декларациялоо жана жарыялоо тууралуу» Мыйзамынын 2-беренеси).

Мамлекеттик кызматчы тарабынан аталган маалыматтарды бербөө же өзүнүн, ошондой эле жакын туугандарынын кирешелери, милдеттенмелери жана мүлкү жөнүндө билип туруп туура эмес же толук эмес маалымат бериши ага болгон ишенимдин жоголушуна негиз болуп саналат жана аны кызматынан бошотууга же ага юридикалык жоопкерчиликтин башка чараларын көрүүгө алып келет.

4. Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 6-августундагы №127 Мыйзамы менен Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган Коррупцияга каршы БУУнун конвенциясы мыйзамсыз баюуну, башкача айтканда коомго шардана кызмат адамдарынын активдеринин анын мыйзамдуу кирешелеринен ашып, бир кыйла көп болушун, жана аны акылга сыярлык кылып негиздеп бере албаса, - катышуучу-мамлекеттер тарабынан кылмыш жазалоочу иш катары таанууга багытталган чараларды кабыл алуу мүмкүндүгүн карап жатат.

Кылмыш-жаза кодексинин талашка түшкөн ченемдери жогоруда аталган Конвенциянын жоболорунун улуттук мыйзамда имплементациялоо болуп саналат. Буга ылайык, Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин жоболору эл аралык келишимдин ченемдеринен келип чыгат, ал Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат (Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгү).

Эске алуу керек, каралып жаткан кылмыш курамы коррупциялык көрүнүштөрдүн катарына кирет, ал коррупцияга каршы БУУнун Конвенциясынын жоболоруна ылайык «коомдун туруктуулугуна жана коопсуздугуна коркунуч келтирет, демократиялык институттарды жана баалуулуктарды бузат жана туруктуу өнүгүүгө жана укук тартибине зыян келтирет; мамлекеттин саясий стабилдүүлүгүнө жана туруктуу өнүгүүсүнө коркунуч келтирет».

5. Текшерилип жаткан Кылмыш-жаза кодексинин 308-1- беренесинин диспозицияларынан, бул кылмыштын субъектилери болуп, кызмат адамы жана жооптуу абалды ээлеп турган кызмат адамдары (саясий жана атайын мамлекеттик кызматты ээлеп турган адамдар) саналары белгилүү болду. Субъективдүү тарап – тикелей ниеттин болгондугун божомолдойт. Объект катары – мамлекеттик кызматтын кызыкчылыгы каралууда. Кылмыштын объективдүү тарабы болуп, анын объектисинен алып караганда, жарандардын же уюмдардын мыйзамдуу кызыкчылыгын жана укуктарын, же мыйзам тарабынан корголгон коомдун же мамлекеттин кызыкчылыгын бузууга алып келген кызмат адамдарынын иш-аракеттери көрсөтүлүшү керек, алар бийлик органдарынын, мамлекеттик же коомдук уюмдардын кадыр-баркын түшүрүү менен чагылдырылышы мүмкүн. Аны менен бирге, бул кылмыштын объективдүү тарабын так аныктоо үчүн, мыйзам чыгаруучу талашка түшкөн берененин диспозициясынын редакциясын тактап алуусу керек.

Бул кылмыштын курамы, кызмат адамы өзүнүн мыйзамдуу кирешелеринен ашып кеткен активдеринин кыйла көбөйүш себептерин негиздей албай калган учурда гана келип чыгат. Мындай активдердин келип чыгуусун далилдөө же

негиздөө процесси жазыктык сот ишинен тышкары ишке ашырылышы керек жана, кызмат адамы же жооптуу абалды ээлеп турган кызмат адамы катары анын милдеттеринин бири болуп саналат. Кызмат адамы тарабынан сатылып алынган мүлктүн мыйзамдуулугуна далилдерди берген учурда, аны жазык жоопкерчилиге тартуу үчүн негиз жок калат. Буга ылайык, кызмат адамынын өзүнүн мыйзамдуу кирешелеринен ашып кеткен активдеринин көбөйүшүн далилдөө милдети - анын кызматтык ишмердүүлүгүнүн алкагындагы милдеттеринин бир бөлүгү болуп саналат.

Мамлекеттик кызматчынын милдети, өз активдеринин келип чыгышын далилдөө зарылдыгы, башка жагдайлардан – өз кирешелерин, мүлкүн жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмесин декларациялоодон келип чыгат, анын максаты – коррупциялык бузууларды табуу жана алдын алуу. Мамлекеттик кызматчылардын декларацияларында берилген маалыматтардын чындыгы үчүн көзөмөл бул маалыматтарды текшерүү механизми аркылуу чагылдырылат, анда алардын активдеринин бир кыйла жогорулап кеткендигинин мыйзамдуулугу жөнүндө түшүндүрмө берүүгө мажбурлашат. Болбосо, кызмат адамынын – кирешелерин, мүлкүн декларациялоо милдети жараксыз болуп, өз максатына жетпей калат. Буга байланыштуу, кызмат адамынын өзүнүн мыйзамдуу кирешелеринен ашып кеткен активдеринин көбөйүп кеткендигин далилдөө милдети, анын эл алдында-укуктук статусунан жана кызматтык ишмердүүлүгүнөн келип чыккан анын милдеттеринин алкагында ишке ашырылат, жана жазык сот ишинин алкагында өз күнөөсүздүгүн далилдөө катары каралбайт.

6. Бардык кылмыштарды, анын ичинде мыйзамсыз баюуну тергөө Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси тарабынан жөнгө салынган, ага ылайык далилдөө – жазык процессинин курамдык бөлүгү. Тергөө органдарынын бардык аракеттери күнөөсүздүк жоромолун эске алышы керек жана мыйзам тарабынан бекитилген тартипке ылайык айыпталуучунун (шектүүнүн) күнөөсүнө далилдерди чогултушу керек. Бул мааниден алып караганда далилдөө түйшүгү, кылмыш субъектисине карабай, тергөө органдарына жатат, ал эми көрсөтмө берүү – бул айыпталуучунун милдети эмес, укугу. Болбосо, Кылмыш-жаза кодексинин 308-

1-беренесинин диспозициясын башкача түшүнүү күнөөсүздүк жоромолу жөнүндө конституциялык эрежелерге каршы келип калат.

Ошентип, Кылмыш-жаза кодексинин талашка түшкөн, кызмат адамдарынын жазык жоопкерчилигин караган ченемдеринин жоболору мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей жана күнөөсүздүк жоромолу деген конституциялык принциптерге каршы келбейт.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, 8 жана 9- бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 46, 47, 48, 51, 52-беренелерин жетекчиликке алып Конституциялык палата

**Ч Е Ч Т И :**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнүн диспозициялары Конституциянын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 26-беренесинин 2, 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга жатат.

4. Чечим Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык палатанын атайын сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысына» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Бул иш боюнча судья Э.Ж. Осконбаев жана К.С. Сооронкулованын өзгөчө пикирлери бар (төмөндөгүнү караңыз).

**Жаран Саатов Таалайбек Джапаровичтин кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 25-июнь 2014-жылдагы Чечимине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы Э.Ж. Осконбаевдин**

# Ө З Г Ө Ч Ө  П И К И Р И

Мыйзамсыз баюуга (КЖКнын 308-1-беренеси) карата жазык жоопкерчилигин киргизүү коррупция менен күрөшүү тармагындагы мамлекеттик саясат менен шартталган эле.

Коррупция мамлекеттик бийликтин моралдык ыдырап, жок болуусунун деңгээлин күбөлөндүргөн коомго жат көрүнүш катары мамлекеттик институттардын иштөөсүнүн натыйжалуулугун түп тамырынан бузаары шексиз, системалык кайра түзүүлөрдү жүргүзүүгө тоскоол болуу менен бирге коомдо мамлекеттик бийликке ишенбөөчүлүкө алып келет жана өлкөнүн коопсуздугунун коркунучтарынын бири катары негиздүү каралат.

Ошону менен бирге, азыркы учурда мамлекеттин алдында кандай гана орчундуу маселе турса да, ал аларды укуктук мейкиндикте гана, Конституция жана мыйзамдардын алкактарында чечүүгө милдеттүү. Муну Кыргыз Республикасын укуктук мамлекет катары жарыялаган Конституциянын 1-беренеси талап кылат жана конституциялык көзөмөл жүргүзүүчү орган катары Конституциялык палатанын милдети укук идеяларынын (укук күчтөрүнүн) Кыргызстандын бүткүл жаңы тарыхында үстөмдүк кылып келген зомбулуктун идеяларынын (массалардын, бийликтин, саясаттын күчүнүн укуктарынын) үстүнөн үстөмдүк кылуусун камсыздоодо турат. Андыктан, заманбап доордун жаңы чакырыктарынын шарттарында бардык артыкчылыктар чукул эле учурдагы зарылдыкка эмес, конституциялык баалуулуктарга ыкташы керек болгон конституциялык туруктуулуктун жана укуктук аныктыктын көйгөйү өзгөчө актуалдуулукка ээ болот.

Бирок тилекке каршы, бул иш боюнча кабыл алынган Конституциялык палатанын чечими карама-каршы ой жүгүртүүгө толгон, ал эми корутундуларды илимий-укуктук көз караштан негиздөө аракеттери бери эле болгондо ишенимсиз көрүнөт.

Конституциялык палата бир жагынан *«мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдейлигин (Конституциянын 16-берененин 3-бөлүгү)»; «ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбестигин»; «эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эместигин»; «жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлгөндүгүн» (26-берененин 1, 2 жана 4-бөлүктөрү)»; «Конституциянын 26-беренесинде бекитилген күнөөсүздүк жоромолу сот адилеттигинин негизги принциптеринин бири болгондугун»* тааныйт.

Башка жагынан алганда, талаштагы берененин диспозициясындагы кылмыш субъектинин кирешелеринин олуттуу көбөйүшүн *«жүйөөлүү түрдө негиздеп берүүнү»* милдеттендирген кош мааниде болбогон эрежени камтыган башкача айтканда, иш жүзүндө өзүнүн күнөөсүздүгүнүн далилдерин келтирүүнү толук жөндүү деп эсептейт.

Алгач бул көз карашты Конституциялык палата «…айыпталуучуну өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө милдетинен куткаруу аны жазык иши боюнча далилдөөгө катышуу укугунан ажыратпайт деп негиздеген. Айыпталуучу каалаган учурда көрсөтмө бере алат, далилдерди келтирет (документтер, буюм далилдери), кошумча далилдерди алуу жана бекемдөө боюнча чара көрүү жөнүндө өтүнүч бере алат». Бул жолу КЖКнын 308-1-беренесинин диспозициясы кылмыштын субъектинин далилдөө процессине милдетүү катышуусун талап кылаарын, ал эми жазык-процессуалдык мыйзамы тарабынан ага берилген, анын укуктарынын ичинде өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөдө өзүнүн табияты боюнча милдеттүү мүнөздө боло албастыгын таптакыр унутуп калган.

Мындан кийин Конституциялык палатанын жүйөлөрү таптакыр башка мүнөз алган, ага ылайык кылмыштын субъектинин өзүнүн күнөөсүздүгүн

далилдөө милдети, көрсө, Конституция жол берген адам жана жарандын укук жана эркиндиктерин чектөөлөргө кирет экен, ага караганда *«бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо жана басмырлоону тыюу мамлекеттик кызматта иштеген адамдардын кесиптик ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салууга өзгөчө мамиле кылууну жокко чыгарбайт»*. Бирок, мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын кесиптик ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүгүн, анын ичинде мамлекеттик кызматкер мамлекеттик кызматка кирип жатканда өзүнө ыктыярдуу түрдө кабыл алган анын өзүнүн кирешелери жана мүлкү жөнүндөгү маалыматтарды берип туруу тууралуу милдеттери боюнча чектөөлөр менен күнөөсүздүктүн жоромолунун байланышы тууралуу талашсыз маселе келип чыгат.

Ошентип, Чечимде келтирилген аргументтердин маанисинен күнөөсүздүктүн жоромолу тандалма мүнөздө болушу мүмкүн жана белгилүү бир жагдайларда мамлекеттик кызматты ээлеген айрым категориядагы адамдарга таасирин тийгизбей калат деген маани келип чыгат. Мындай ой жүгүртүү Конституциянын, эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдеринин да, ошондой эле жазык-укук илим көз карашынан алганда да жол берилгис болуп саналат.

Конституциялык палата өзүнүн жыйынтыктарын негиздөөдөгү кийинки кадамын Кыргыз Республикасы ратификациялаган коррупцияга каршы катышуучу-мамлекеттер тарабынан мыйзамсыз баюуну жазык жоопкерчиликтүү жосун катары таанууга багытталган, башкача айтканда, *«элдик кызматтагы адамдын активдеринин анын мыйзамдуу кирешесинен ашып кеткенде, ал аны жөндүү негиздей албаса, чараларды кабыл алууну караган БУУнун Конвенциясын ратификациялоого байланыштуу аргасыз абал»* менен байланыштырат.

Баарынан мурда, БУУнун каралып жаткан Конвенциясы анын катышуучуларына анын жоболорун сөзмө-сөз «аткарууга» барууну буйрубагандыгын өзгөчө белгилөө керек. Анда болгону, мыйзамсыз баюуну жазык-жоопкерчиликтүү жосун катары караган укуктук концепция киргизилген. Ошону менен бирге, бул Конвенциянын ченеми Кылмыш-жаза кодексинин

диспозициясы менен бирдейлигин билдирбейт. Бул учурда, шарт (гипотеза), анын алдында жосун кылмыштуу болуп калганда, мыйзам чыгаруучу тарабынан кылмыштын жосунунун өзү аныктама катары кабыл алынганын БУУнун коррупцияга каршы Конвенциясынын концептуалдык жоболорун туура эмес түшүнүү орун алган. Бул Конституциялык палатанын чечиминде ырасталгандай, эл аралык укуктун улуттук мыйзамга имплементациялануусу менен эч кандай окшоштугу жок.

Андан ары, Конституциялык палата кылмыштын талаштагы курамын анын объективдүү жана субъективдүү белгилеринин көз карашынан карап, бул кылмыштын объективдүү тарабы айкын аныктоонун ыгына келбейт деген жыйынтыкка келет жана *«мыйзам чыгаруучуга талаштагы берененин диспозициясынын редакциясын тактоону» буйрат.*

Аны менен, Конституциялык палата кылмыштын курамынын милдеттүү элементтеринин биринин кандайдыр «белгисиздикке» жол берүүгө болот деп эсептейт.

Буга байланыштуу ар кандай эле кылмыш объективдүү (тышкы, четтен байкоо жүргүзүүгө мүмкүн болгон) жана субъективдүү (ички, өзү аркылуу психикалык процесстерди көргөзгөн, адамдын аң сезиминде жүрүп турган) көрүнүш экендигин өзгөчө белгилей кетүү керек. Жосунда кылмыштын курамынын бардык төрт элементинин (объект, объективдүү тарап, субъект, субъективдүү тараптын) болушу жана аныкталгандыгы аны кылмыштуу деп таанууга жана аны жасаган адамды жазык жоопкерчилигине тартууга негиз болуп саналат. Алардын бирөөсүнүн эле жок болушу, бүтүндөй кылмыш курамынын жок экендигин билдирет, ал эми жосун болсо, кылмыштуу деп табылбайт. Жазык-укуктук илимдин бул аксиомасы эч бир жагдайда шек жаратышы мүмкүн эмес.

Акырында, Конституциялык палата *«кылмыштын курамы, кызмат адамы өзүнүн мыйзамдуу активдеринин кыйла көбөйүш себептерин мыйзамдуу кирешелеринен ашып кеткендигин негиздей албай калган учурда гана келип чыгат. Мындай активдердин келип чыгуусун далилдөө же негиздөө процесси жазыктык сот өндүрүшүнөн тышкары жүзөгө ашырылышы керек жана*

*кызмат адамы же жооптуу абалды ээлеп турган кызмат адамы катары анын милдеттеринин бир бөлүгү болуп саналат. ... кызмат адамынын анын кирешесинен ашкан өзүнүн мүлкүнүн бир кыйла көбөйүшүн негиздөө жана далилдөө анын элдик-укуктук кызматынын статусунан жана кызматтык ишмердүүлүгүнүн спецификасынан келип чыккан милдеттеринин алкагында жүзөгө ашырылат жана сот өндүрүшүнүн алкагындагы өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө катары каралбайт», деп ырастоого өткөн.*

Бул учурда, Конституциялык палата өзүнө Кылмыш-жаза кодексинин талаштагы беренесинин квалификациясын тандоодо эркин, жазык укугунда кабыл алынбаган ыкмасына жол берген. Бул түшүндүрмөнү негизинен жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес, анткени, *«...ал жөндүү түрдө негиздей албайт» деген* ченемдүү жобо Кылмыш-жаза кодексинин беренесинин диспозициясынын калган бөлүгү менен органикалык биримдикте турат жана жазык сот өндүрүшүнүн алкагынан тышкары чыгарылышы мүмкүн эмес. Бул жерде Конституциялык палата Кылмыш-жаза кодексинин ченемдеринин укук пайдалануусунда, анын үстүнө аларды илимий негизде пайдалануунун калыптанып калган эрежелерин пайдаланууга каршы жаңы ыкмаларды киргизе албастыгын эске алуу керек.

Күнөөсүздүк жоромолу бүткүл дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган сот адилеттигин жүргүзүүнүн бирден бир фундаменталдык принциби болуп саналат.

Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 11-беренесине ылайык кылмыш иштегендиги үчүн күнөөлөнгөн ар бир адам анын күнөөсү соттук ачык териштирүү жолу менен мыйзамдуу тартипте далилденгенге чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу, мында ага коргонуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр камсыз кылынууга тийиш.

Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 14-беренесинин 2-бөлүгү «Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлөнгөн ар бир адам анын күнөөсү мыйзамга ылайык далилденгенге чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу» деп жарыялаган.

Күнөөсүздүк жоромол принциби айыпталуучуну анын күнөөсү *«мыйзамда каралган тартипте далилденмейинче жана мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими аныкталмайынча»* (Конституциянын 26-берененин 1-бөлүгү), аны «күнөөлүү» деген бүтүмдөн коргоого багытталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы эл аралык укуктун ченемдерин ишке ашыруу менен, анын үстүнө, күнөөсүздүктүн жоромолунун принцибин кыйшаюусуз камсыздоого багытталган кошумча буйруктарды кабыл алды. Конституциянын 26-беренесинин 2, 3, 4-бөлүктөрү: «Эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес.»; «Эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес.»; «Жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт.», деп жарыялашат.

Ошентип, Конституция күнөөсүздүк жоромолунун маанисин майда-баратына чейин чечмелеп жана жазык жоопкерчилигине тартылып жаткан адамдын укуктук статусуна өзгөчө көңүл буруу менен бул принципти кимдир-бирөөнү кылмыш жасады деп айыптоодо сактоонун зарылдыгына өзгөчө маани берет. Мындай жагдайда, айыпталуучуга өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө түйшүгүн артуу анын кайсы гана көрүнүштөрүндө жана формасында болбосун таптакыр жол берүүгө болбойт.

Ошондой эле көрсөтүлгөн Конвенцияны ратификациялаган бир катар мамлекеттерде «мыйзамсыз баюу» үчүн жоопкерчилик мыйзамга киргизилбегендигин белгилей кетүү керек. Бери дегенде эле төмөндөгү мамлекеттерде: Нидерландия, Бельгия, Италия, Португалия, Швейцария, Финляндия, Норвегия, Франция, АКШ, Испания, Швеция, Данияда «мыйзамсыз баюу», же ошого окшогон кылмыш курамдары жок.

Бул өлкөлөрдүн өкүлдөрү БУУнун коррупцияга каршы Конвенциясынын «Мыйзамсыз баюу» боюнча 20-беренеси алардын мыйзамына киргизбегендигинин үч негизги себебин көрсөтүшөт.

Биринчиден, «мыйзамсыз баюу» түшүнүгү дүйнө жүзүнүн көпчүлүк өлкөлөрүнүн конституцияларына күнөөлүүлүк жоромолун бузгандыктан карама-каршы келет.

Экинчиден, бул өлкөлөрдө адатта пара алуу жана башка кызмат кылмыштары, баңги сатуу, же сутенерлук сыяктуу башка орчундуу кылмыш боюнча ашкереленген адамдардын кирешелерин автоматтык түрдө кылмыштуу деп тааныган беренелер бар.

Үчүнчүдөн, бул өлкөлөрдө чиновниктердин кирешелерин милдеттүү декларациялоо механизми аркылуу декларациялардагы туура эмес маалыматтар үчүн жоопкерчилик жана жаза каралган.

Көрсөтүлгөндөр Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгү талап кылгандай эл аралык укуктардын ченемдерин улуттук мыйзамга имплементациялоого улуттук укуктук системанын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыйла жоопкерчиликтүү мамиле кылуу зарылдыгына күбө болот.

Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын өзгөчөлүктөрү катары мыйзамсыз баюунун себептери болгон (пара алуу, мыйзамсыз сыйлык алуу, башка кызматтык кылмыштар ж.б.) айкындуу укук бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартылышы керектигин белгилей кетүү керек. Мыйзамсыз байыгандыгы үчүн жазык жоопкерчилиги тууралуу аракеттеги ченем кош жоопкерчиликти бекитүүгө жана «бир үчүн эки жолу эмес» принцибин бузууга олутту шарт түзөт, буга таптакыр жол берүүгө болбойт жана Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгүнүн *«Бир эле укук бузгандык үчүн эч ким кайра юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш»* деген буйругуна карама-каршы келет.

Андан тышкары, талаштагы ченемде укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн жетишерлик кеңири кароосуна жол берген субъективдүү баалоочу «жүйөлүү түрдө»-категориясы бар, мунун өзү эле коррупциялык факторду камтыйт.

Акыр аягында, ал түгүл коррупция менен күрөшүү сыяктуу жакшы ниет менен конституциялык маанилүү баалуулуктарга зыян келтирүүгө өбөлгө түзүүгө таптакыр жол берүүгө болбойт.

**Судья:** **Э.Ж. Осконбаев**

**Жаран Саатов Таалайбек Джапаровичтин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 308-1-беренесин текшерүү жөнүндө Конституциялык палатанын 25-июнь 2014-жылдагы Чечимине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы К.С. Сооронкулованын**

**Ө З Г Ө Ч Ө   П И К И Р И**

1. Конституциялык палата КЖКнын 308-1-беренесинин конституциялуулугу боюнча өзүнүн көз карашын Кыргыз Республикасы ратификациялаган БУУнун коррупцияга каршы Конвенциясынын 20-беренесинен келип чыккан милдеттерди сактоо зарылдыгы менен негиздейт.

**20-берене Мыйзамсыз баюу**

*Өзүнүн Конституциясын жана укуктук системасынын негиз салуучу принциптерин сактоо шартында ар бир катышуучу-Мамлекет жалпы элдик кызматтагы адамдын мыйзамсыз байып кетүүсү башкача айтканда активдеринин бир кыйла көбөйүп кетиши анын мыйзамдуу кирешелеринен ашып кеткенде, ал аны жөндүү негиздеп бере албаса, ал карасанатайлык менен жасалганда аны жазык жоопкерчиликтүү жосун деп табуу үчүн керек болгон мыйзамдуу жана башка чараларды көрүү мүмкүнчүлүгүн карайт.*

Аны менен БУУнун Конвенциясынын коррупцияга каршы 20-беренеси кызмат адамынын алдын ала ниети менен «мыйзамсыз баюусу» башкача айтканда активдеринин олутту көтөрүлүп кетиши, ал аны жөндүү негиздеп бере албаса жана ал анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болбогондо, мамлекеттердин (өзүнүн конституциялык принциптерин сактоо менен) криминалдаштыруу маселесин карап чыгуу милдетин карайт. Андан тышкары, Конвенциянын 20-беренеси кызмат адамынын кирешесинин бир кыйла көбөйүүсүндө ага бул кирешелердин өзүнүн булактары укук ченемдүү ишмердүүлуктөн келип чыккандыгын далилдөө түйшүгүн жүктөгөн эрежени караган.

Конвенцияга кошулган мамлекеттердин көпчүлүгү Конвенциянын 20-беренесин Конституцияга, атап айтканда, күнөөсүздүктүн жоромолу жөнүндөгү конституциялык жобого карама-каршы келет деген себеп боюнча улуттук мыйзамга имплементациялоодон баш тартышты[1].

БУУнун коррупцияга каршы Конвенциясы жазык-укуктук айкын ченемдерди камтыбайт - Конвенциянын бул ченемдери эл аралык укуктук келишимдин жактарынын компромиссинин натыйжасы болуп, абстрактуу мүнөз алышат. Бул Конвенциянын катышуучулары өзүнүн ички мыйзамынын негиз салуучу принциптерине ылайык өзүнүн эл аралык милдеттерин камсыздоо үчүн мыйзамдуу айкын чараларды кабыл алат. Демек, Кыргыз Республикасы БУУнун коррупцияга каршы Конвенциясынын катышуучу-өлкөсү катары өзүнүн ички мыйзамдарында жазык-укук ченемдеринин диспозициясын түзүүдө эркин. Мындай ченемди түзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негиз салуучу принциптерине ийкемдештирилиши керек, алардын бири болуп күнөөсүздүктүн жоромолу саналат. Ошентип, БУУнун каралып жаткан конвенциясы анын катышуучуларына анын жоболорун сөзмө-сөз «аткарууну» буйрубайт. Анда болгону укуктук концепт каралган, ага ылайык мыйзамсыз баюу жазык-жоопкерчиликтүү жосун катары каралган. Ошол эле учурда, мыйзам чыгаруучу күнөөсүздүктүн жоромолу конституциялык бекитүү болгон жагдайга, жана анын үстүнө Конституциянын 26-беренеси анын жайылтылган мүнөздөмөсүн камтыгандыгына карабастан, Конвенциянын 20-беренесин кылмыш-жаза кодексине мазмунун өзгөртпөстөн киргизген.

Конституциянын 26-беренесинин 1, 2, 3, 4-бөлүктөрү: «*Ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт*», «*эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдетүү эмес*», «*эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес*», «*жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт*» *деп жарыялашат.*

---

[1] «*Мыйзамсыз баюу», же ошого окшош кылмыш курамы бери эле болгондо төмөнкү мамлекеттерде киргизилген эмес: Нидерланды, Бельгия, Италия, Португалия, Швейцария, Финляндия, Норвегия, Франция, США, Испания, Дания, Россия Федерациясы.*

Конституция күнөөсүздүктүн жоромолунун маңызын майда-баратына чейин ачып жана жазык жоопкерчилигине тартылып жаткан адамдын укуктук статусуна өзгөчө көңүл бөлүп жатып, кимдир-бирөөнү кылмыш жасады деп айыптоодо бул принципти сактоо зарылдыгына өзгөчө маани берет, аны менен айыпталуучуга өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө түйшүгүн жүктөөгө жол берилбестигин мойнуна алат.

2. КЖКнын 308-1-беренеси караган кылмыштын курамын укуктук талдоо «мыйзамсыз баюунун» кылмыш курамынын жөнөкөй эместигин күбөлөндүрөт. КЖКнын 8-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, кылмыш деп кылмыш-жаза мыйзамы менен каралган күнөкөрлүү жана жазыктуу жосун (аракет жана аракетсиздик) саналат. Аракеттерден же аракетсиздиктен, эреже катары, кылмыштуу жосундун объективдүү жагынын мазмуну куралат. Буга ылайык Конституциялык палата КЖКнын 308-1-беренеси караган кылмыш курамынын белгилерин ачып жатып, *«кылмыштын объектине карата анын объективдүү жагы катары, кызмат адамдарынын жарандардын же мекемелердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга же бийлик органдарынын, мамлекеттик жана коомдук мекемелердин аброюн түбүнөн кетирүүгө алып келген иш-аракеттерди»* көрсөтөт. Ошол эле учурда, мыйзамсыз баюу айкын аракет болуп саналбайт, ал өзү кызмат адамынын коррупциялык жүрүм-турумунун натыйжасы экендигин, мисалы, пара алуу, кызмат ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдалануу, ишкердикке мыйзамсыз катышуу сыяктуу жана башка кылмыштуу кол салууну көрсөтөт.

БУУнун Конвенциясынын 20-беренесинин мааниси боюнча чыныгы кирешелердин мыйзам жол бергенден ашып кетүүсү юридикалык факт катары-бул иш-аракет эмес, окуя. Аракет, же аракетсиздик, алардын натыйжасы катары бул окуя келип чыкса, аны белгилеп, андан кийин бул жүрүм-турум кандайдыр-бир укуктук ченемди бузгандыгын дагы далилдөө керек. Демек, мыйзамсыз баюу боюнча жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн баюунун айкын ыкмаларын аныктоо зарыл: уурдоонун эпизоддорун, пара алуунун, кыянаттык менен пайда көрүүлөрдүн ж.б., башкача айтканда, жазык жоопкерчилиги кызмат адамынын

чыныгы жана расмий кирешелеринин шайкеш болбой калуусунун өзү үчүн эмес, анын чыныгы жана мыйзамдуу активдеринин тең салмактуулугунун бузулушуна алып келген анын коррупциялык жүрүм-турумдары үчүн кирет. Жогоруда көрсөтүлгөн жосундардын баары кылмыш-жаза кодекси менен криминализацияланган жана бул учурда КЖКны мыйзамсыз баюуга тыюу салуу менен толуктоо маанисиз болуп калат.

Жалпысынан мыйзамсыз баюуну криминализациялоо латенттүү (сыртынан билинбеген) коррупциялык кылмыштар менен күрөшүүгө багытталган зарылдык менен негизделет. Бул багытта мыйзамсыз баюу аларды жасоо жыйынтыгында активдердин көбөйүшүнө алып келген көп коррупциялык кылмыштардын курамын камтыгандай болот, бирок коррупционерди мындай кылмыштарды жасоодо ашкерелөө иш жүзүндө мүмкүн эмес, буга караганда бир гана нерсе калат-мыйзамсыз баюуну божомолдоо. Ошол эле учурда, Конвенциянын 20-беренеси жосундун карасанатайлуу мүнөзүн талап кылат («ал (кылмыш) карасанатайлык менен жасалганда»). Бул учурда, эгерде «активдердин бир кыйла көбөйүүсү» иш-аракет болбой (аракетсиздик), анын натыйжасы болгондо ниет формасындагы күнөө кайсы жосунга карата белгилениш керектиги түшүнүксүз бойдон калат. Бул мааниде мыйзамсыз баюу өзүнчө эле жосуну жок кылмыш болуп калат, кылмыштын субъектинин күнөөсү божомолдонот жана далилдөөнү талап кылбайт, бул болсо классикалык жазыктык укуктун адам өзүнүн гана күнөөлүү аракетине (аракетсиздигине) жоопкерчиликтүүлүгү жөнүндөгү жобосуна карама-каршы келет. Күнөөнү далилдөө процессинен тышкары сөзсүз моюнга алуу Конституциянын талаптарына да, ошондой эле укук бузуулардын ар кандай жагдайларын аныктоону далилдөөгө тийиш болгон жазык процессинин принциптерине да карама-каршы келет.

3. Каралып жаткан кылмыштын курамын анализдеп жатып, Конституциялык палата төмөнкүдөй жыйынтыкка келет: «Ошону менен бирге, бул кылмыштын объективдүү жагын айкын аныктоо үчүн талаштагы берененин диспозициясынын редакциясын мыйзамдуу тактоо зарыл». Аны менен, Конституциялык палата талаштагы ченемдин диспозициясынын «белгисиздигин» мойнуна алат. Ошону

менен бирге, жазык-укуктук ченемдин так эместиги (ачык эместик, белгисиздик) квалификациялык катачылыктардын бирден бир негизги себеби болуп саналат. Бул учурда, КЖКнын 308-1-беренесинин диспозициясында курамтүзүүчү элементтин айрымалоочу белгилери жок, бул квалификациялык катачылыктарга гана эмес, ошондой эле жалпысынан, жазык-укуктук ченемдин «өлүктүгүнө» да алып келет, бул болсо белгисиздиктин айынан иш жүзүндө таркалган кылмышка колдонулбайт.

Жазык-укуктук ченемдин белгисиздигине жол берүүгө болобу деген маселе Россия Федерациясынын Конституциялык сотунун көз карашында жеткиликтүү ачык аныкталган, ага ылайык «ар кандай кылмыш, аны менен катар аны жасагандык үчүн жазык жоопкерчилигинин чарасы мыйзамда айкын аныкталышы тийиш, анын үстүнө тийиштүү ченемдин текстине жараша - зарыл учурда ага соттор тарабынан берилген талкуунун жардамы менен – ар бирөө өзүнүн аракетинин (аракетсиздигинин) жазык-укуктук натыйжасын алдын ала көрө алгыдай болуусу тийиш. Мыйзамдын таксыздыгы, ачык эместиги жана белгисиздиги ар кандай маанидеги талкуулоо мүмкүнчүлүгүн туудурат, демек, анын ченемдерин башаламан конституциялык принциптерге карама-каршы келген колдонууну, алардан болсо мыйзам чыгаруучуга кайрылган укуктук ченемдин аныктык, ачыктык, кош маанисиздик жана алардын аракеттеги укукту жөнгө салуу системасындагы шайкештиги жөнүндөгү талабы келип чыгат; тескерисинче болгондо карама-каршы укук колдонуу тажрыйбасы орун алып калат, ал жарандардын укук, эркиндик жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мамлекеттик коргоо кепилдигинин начарлатат».[2]

4. Конституциялык палатанын Чечиминин бешинчи бөлүгүндө келтирилген жүйөөлөрүнө ылайык, бул кылмыштын курамы чыныгы активдердин мыйзамдуу кирешелерден ашкандыгын күбөлөндүргөн кирешелер жөнүндөгү декларацияда камтылган маалыматтарды текшерүүнүн натыйжасында гана келип чыгат. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кызмат адамынын өзүнүн мүлкүнүн бир кыйла көбөйүүсүн негиздеп жана далилдеп берүүгө жөндөмсүздүк фактысы жазык ишин

[2] РФ КС 15 июль 1999 жылдагы токтому,№-11-П жана 27 май 2003 жыл,№ 9-П

козгоодо себеп болуп саналат. Демек, Конституциялык палата эсептегендей, өзүнүн кирешелеринин бир кыйла көбөйүшүн негиздөө жана далилдөө кызмат адамынын милдети болуп саналат жана кызмат адамын жазык жоопкерчилигине тартканга чейин жазык сот өндүрүшүнөн тышкары жүзөгө ашырылат. КЖКнын 308-1-беренесинде каралган кылмыштын курамын кызмат адамынын киреше жөнүндөгү жалаң гана декларациясына жана аны компетентүү органдар тарабынан текшерүүгө байланыштыруу талаштагы ченемдин конституциялуулугун негиздөө үчүн өтө эле ишенимсиз болуп көрүнөт. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кызмат адамынын декларацияланган мүлкүнүн мыйзамдуу кирешесине туура келбестигин табуу жана тийиштүү негиздөөнүн жоктугу КЖКнын 308-1-беренесинде каралган кылмышты жасоо белгиси менен жазык ишин козгоого мүмкүн болгон себептердин бири болуп саналат. Бирок белгилеп кетүү керек, декларация боюнча мыйзамсыз баюуну табуу иш жүзүндө мүмкүн эмес, анткени, коррупция жолу менен алынган мүлктү декларациялоо жана анын келип чыгуусун тийиштүү негиздеп берүүнүн мүмкүн эместиги кызмат адамынын кызыкчылыгына кирбейт.

Кызмат адамынын анын мыйзамдуу кирешелеринен ашкан активдерге ээ болуу фактысын укук коргоо органдары ар кандай жагдайларда таба алат, башкача айтканда, жазык ишин козгоо себептери жана негиздери болуп, ыйгарым укуктуу органдардын гана материалдарды жиберүүсү эмес, ошондой эле жарандардын арыздары, мекеменин кызмат адамынын билдирүүсү, массалык маалымат каражаттарындагы билдирүү, иликтөө органы, тергөөчү, прокурор тарабынан түздөн-түз табуу боло алат (ЖПКнын 150-беренеси). Анын үстүнө 308-1-беренеси боюнча жазык ишин козгоого жеткиликтүү негиз болуп кызмат адамынын анын мыйзамдуу кирешелеринен ашкан активдерин табуу болуп саналат. Тергөөчү жана прокурор кылмыштын белгилерин тапкан ар бир учурда өзүнүн компетенциясынын чегинде жазык ишин козгоого, кылмыштын окуясын белгилөөгө карата мыйзамда каралган бардык чараларды көрүүгө милдеттүү (ЖПКнын 24 беренесинин 1-бөлүгү).

Чиновник өзүнүн чыныгы кирешесин жашырган жагдайда жана алар укук коргоо органдары тарабынан ачылганда, кызмат адамынын укук ченемдүү көрсөтмө берүүдөн жана далилдерди келтирүүдөн баш тартуусу КЖКнын 308-1-беренеси караган кылмыштын «жөндүү түрдө негиздей алган жок» деген белгисине туура келген аракет катары бааланат. Анын үстүнө кылмыштын субъектинин чыныгы активдеринин жана мыйзамдуу кирешелеринин ортосундагы пропорциянын бузулушун жөндүү негиздеп бергиси келбегендиги мыйзамсыз баюуну жасагандыгын мойнуна алгандык катары бааланып, айыптоонун негизине жаткырылат. Каралып жаткан аспектте Конституциянын талаштагы 26-беренесинин карама-каршылыгы талашсыз болуп саналат жана эч кандай терең анализи жок эле көзгө урунат.

5. Коституциялык палата өзүнүн Чечиминде *“...кызмат адамынын анын кирешелеринен ашкан өзүнүн мүлкүнүн бир кыйла көбөйүүсүн негиздөө жана далилдөө милдети анын жалпы элдик-укуктук статусунан жана кызматтык ишмердүүлүгүнүн спецификасынан келип чыккан анын милдетенмелеринин алкагында жүзөгө ашырылат жана жазык сот өндүрүшүнүн алкагындагы өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө катары каралбайт»,* деп белгилейт. Мындай болгон учурда жалпы элдик кызмат адамынын мыйзамдуу кирешелеринен ашкан анын активдеринин бир кыйла көбөйүүсү, ал аны жөндүү түрдө негиздеп бере албаса, мыйзамсыз баюу жөнүндөгү ченемдин гипотезасы болуп калуусу тийиш, ал эми жазык жоопкерчилигине өзүнүн активдеринин бир кыйла көбөйүүсүн негиздеп берүүнү аткарбагандыгы үчүн кириптер болушу керек.

Талаштагы ченемдин күнөөсүздүктүн жоромолунун ашкере карама-каршылыгы «жөндүү түрдө негиздей албайт» деген белги болбогондо көзгө мынчалык катуу урунмак эмес. Кылмыш-жаза кодексинин өзгөчө бөлүгүнүн негизин тыюу-ченемдер түзөт - алар кылмыштын түрлөрүнүн айрым белгилерин аныктайт жана аларды жасаганы үчүн жазаларды (санкцияны) орнотот, башкача айтканда, салттуу түрдө составдарда кылмыштардын объективдүү жана субъективдүү белгилери сүрөттөлөт. Буга караганда, кызмат адамына жазык-укуктук тыюу текстинде өзүнүн жүрүм-турумунун укук ченемдүүлүгүн негиздеп

берүүнү сунуштоо бир канча таң калаарлык болуп көрүнөт. Ал эми «жөндүү түрдө негиздей албайт» болсо-бул терс белги, ал криминалдан кийинки жүрүм-турумду мүнөздөйт.

Андан тышкары, субъекттин квалификацияланып жаткан тигил же бул окуяны түшүндүрүп бере албастыгын кылмыштын белгисинин даражасына алып чыгуу биздин жазык мыйзамына типтүү болуп саналбайт.

Көрсөтүлгөн ченемди колдонууда мыйзамсыз баюуну жасаган убакытты аныктоо көйгөйү да келип чыгат. Конституциянын 28-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же оорлотуучу мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурга карата укук бузуу деп таанылбаган иш-аракети үчүн эч ким жоопкерчилик тартпашы керек. Демек, талаштагы ченемдин юридикалык күчүнө киргенге чейин жасалган, мыйзамсыз баюунун белгисине туура келген иш-аракеттерди кылмыш деп таанууга мүмкүн эмес.

Жогоруда келтирилгендердин бардыгы талаштагы ченемди колдонууга мүмкүн эмес деген корутундуга алып келет, аны менен мыйзамсыз баюуну коррупция менен натыйжалуу күрөшүүгө багытталган жазык-укуктук чара катары криминализациялаштыруунун манызынын маанисин кетирет. Конституциялык палатанын талаштагы ченемди Конституцияга карама-каршы келбейт деп табуусу мыйзам чыгаруучуга каралып жаткан кылмыштын курамын сүрөтөө (конвенциялык ченемдер менен Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын фундаменталдуу принциптеринин ортосундагы тең салмактуулукту сактоо алдында) ченемди коррупциялык кылмыштуулук жана анын натыйжасы менен күрөшүүдө алдын алуунун эффективдүү чарасы болгудай кылып түзүүгө жолтоо болбойт.

**Судья К.С. Сооронкулова**